LEGAL PROSPERITY FOUNDATION

# Кыргызстандагы жаштардын саясатка аралашуусу: чектөөлөр жана мүмкүнчүлүктөр

2016-ЖЫЛДАГЫ ИЛИКТӨӨНҮН ЖЫЙЫНТЫГЫ БОЮНЧА ОТЧЕТ

БИШКЕК-2016

***Адельфия Аманкулова*** *(отчеттун автору, «Лигал просперити» Коомдук Фондунун программалык координатору)*

***Жылдызай Турдубекова, Бермет Алишер кызы*** *(талаа иликтөөчүлөрү)*

Эксперттер жана консультанттар:

***МедетТюлегенов,*** *ага окутуучу, «Эл аралык жана салыштырма саясат» багытынын жетекчиси (ICP);*

***Алтын Капалова,*** *магистр*

**Кыргызстандагы жаштардын саясатка аралашуусу: чектөөлөр жана мүмкүнчүлүктөр.** 2016-жылдагы иликтөөнүн жыйынтыгы боюнча отчет. – Бишкек, 2016-жыл. – Бишкек, «Блиц» принтборбору – 40 б.

Бул отчет «Чечимдерди кабыл алуу процессине жаштардын катышуусун алга жылдыруу» деген долбоордун алкагында уюштурулган «Жаштардын саясатка аралашуусу: чектөөлөр жана мүмкүнчүлүктөр» аттуу иликтөөнүн жыйынтыгынын негизинде «Лигал просперити» Коомдук фонду (Legal Prosperity Foundation) тарабынан даярдалды.

Отчетто Кыргызстандагы жаштардын саясий институттар аркылуу саясатка аралашуу маселеси боюнча маалымат камтылган.

Отчет Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттары, Кыргыз Республикасынын Өкмөтү, ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдар, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары, саясий партиялар, эл аралык жана өкмөттүк эмес уюмдар, ошондой эле чечимдерди кабыл алуу процессине жаштардын катышуу маселеси менен иш алып барган адамдарга багытталган.

Бул отчеттун материалдарын пайдаланган учурда сөзсүз түрдө булакка шилтеме жасалышы керек.

© «Лигал просперити» коомдук фонду, 2016

# *Мазмуну*


Киришүү жана иликтөөнүн ыкмасы ... 4

Кыскача резюме ... 7

*1-Глава.* Жаштардын саясий партиялардын жаштар канатына катышуу жолу менен жүргүзгөн саясий ишмердиги ... 9

*2-Глава.* Жаштардын бейформал саясий уюмдардын ишине катышуу жолу менен саясий активдүүлүктөрүн ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрү ... 15

*3-Глава.* Мамлекеттик бийлик органдарынын жаш кызматкерлери келечектеги жетекчилер катары ... 18

Корутунду ... 20

Сунуштар ... 21

Булактар ... 22

Тиркемелер ... 23

*1-тиркеме.* Кейс-стади «Жаш лидер» ... 23

*2-тиркеме.* Эксперттер менен интервью жүргүзүү үчүн сурамжылоо барагы ... 27

*3-тиркеме.* Саясий партиялардын лидерлери менен интервью жүргүзүү үчүн сурамжылоо барагы ... 28

*4-тиркеме.* Саясий партиялардын жаш мүчөлөрү менен интервью жүргүзүү үчүн сурамжылоо барагы ... 30

*5-тиркеме.* Бейформал саясий уюмдардын мүчөлөрү менен интервью жүргүзүү үчүн сурамжылоо барагы ... 32

*6-тиркеме.* Мамлекеттик бийлик органдарынын жетекчилери менен интервью жүргүзүү үчүн сурамжылоо барагы ... 34

*7-тиркеме.* Мамлекеттик бийлик органдарынын жаш кызматкерлери менен интервью жүргүзүү үчүн сурамжылоо барагы ... 36

*8-тиркеме.* Уюмдарды ситуациялык талдоо ... 38

# *Киришүү жана иликтөөнүн ыкмасы*

Бул отчет 2016-жылы жүргүзүлгөн «Кыргызстандагы жаштардын саясатка аралашуусу: чектөөлөр жана мүмкүнчүлүктөр» деген иликтөөнүн жыйынтыгынын негизинде түзүлдү. Иликтөөнүн жүрүшүндө маалыматтарды жыйноонун жана талдоонун сандык жана сапаттык ыкмалары колдонулду. Сапаттык ыкмалар талаадагы иликтөөлөрдү жүргүзүүдө, сандык ыкмалар-негизинен кабинеттеги иликтөөлөрдө колдонулду.

Иликтөөнүн максаты жаштардын саясий уюмдардын ( саясий партиялар, бейформал саясий уюмдар, мамлекеттик бийлик органдары) ишмердигине катышуу жолу менен саясий процесстерге аралашуусунун деңгээлин аныктоо болгон.

Иликтөөнүн жүрүшүндө жаштардын саясий процесстерге жакындашуусуна өбөлгө болгон механизмдер менен куралдар, тактап айтканда:

- калыптанган саясий институттар жаштардын саясатка аралашуусуна тепкич боло алабы;
- жаштардын саясий уюмдарга активдүү катышы Кыргыз Республикасындагы саясий процесстерге таасир көрсөтүү мүмкүнчүлүгүн түзө алабы же алардын иши саясий уюмдун ички ишмердигинин чегинен чыга албай калабы;
- өлкөнүн саясий турмушуна жаштардын аралашуусуна кандай мүмкүнчүлүктөр жана чектөөлөр бар деген маселе аныкталды.

Бүгүнкү күндө жаштар ишмердигине активдүү аралашкан саясий институттардын үч түрү бар экендиги белгилүү. Алар:

- саясий партиялар;
- бейформал саясий уюмдар;
- мамлекеттик бийлик органдары;

Иликтөөнүн негизги баскычына:

- иликтөөдө колдонулуучу куралдардын ыкмасын иштеп чыгуу;
- кабинеттик иликтөөлөрдү жүргүзүү;
- талаадагы иликтөөлөрдү жүргүзүү;
- маалыматтарды техникалык кайра иштетүүдөн өткөрүү;
- маалыматтарды талдоо;
- отчет түзүү;
- иликтөөнүн жыйынтыгын ар кандай форматтарда түрдүү аудиторияга тааныштыруу;
- иликтөөнүн жыйынтыгын ишке ашыруу киргизилди.

Иликтөөнүн жүрүшүндө аталган үч институттун жаштар менен иштөөдөгү мүмкүнчүлүктөрү менен чектөөлөрүнүн социалдык тамыры изилденди.

Кабинеттик изилдөөлөр зарыл болгон сандык маалыматтарды топтоо үчүн жүргүзүлдү, ал эми талаадагы изилдөөлөр – төмөнкү куралдарды колдонуу менен сапаттык талдоодо колдонулду:

- кейс-стади «Жаш лидер»;
- жарым-жартылай түзүмдөштүрүлгөн кенен интервью;
- эксперттер менен;
- саясий партиялардын лидерлери менен;

- саясий партиялардын жаш мүчөлөрү менен;
- бейформал саясий уюмдардын жаш мүчөлөрү менен;
- мамлекеттик бийлик органдарынын жетекчилери менен;
- мамлекеттик бийлик органдарынын жаш кызматкерлери менен;
- саясий институттарды ситуациялык талдоо.

### Географиялык алкагы:

Талаадагы изилдөөлөрдү жүргүзүү үчүн төмөнкү шаарлар тандалды:
- Бишкек, Ош – саясий уюмдар эң көп топтолгон эки шаар катары;
- Кара-Көл – саясий активдүүлүк ачык көрүнгөн алыскы шаар катары.

### Иликтөөнүн көлөмү:

***Уюмдарды ситуациялык талдоо.*** Бардыгы болуп 9 саясий уюм изилденди, жаштардын катышынын негизинде саясий уюмдун портретин түзүү үчүн статистикалык ачык маалыматтар сандык жана сапаттык талдоодон өткөрүлдү.Маалыматтар жашы, жынысы, кесиби (профиль), кызматы категориялары боюнча бөлүп-бөлүп изилденди.

***Кейс-стади «Жаш лидер».*** Беш лидердин ишмердиги каралды, 15 интервью алынды. Кейс-стади лидердин ишмердигин ар кандай ыңгайдан: өзү менен интервью, уюмдун ал башкарган бир мүчөсү менен интервью, аталган уюмдун ишмердигине түздөн-түз катышпаган өкүл менен интервью жүргүзүү менен изилдөөгө шарт түзөт.

***Жарым-жартылай түзүмдөштүрүлгөн кенен интервью.*** Иликтөөнүн бул куралы жаш активисттер (15 адам), саясий уюмдардын лидерлери (10 адам, анын бешөө Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешиндеги саясий партиялардын өкүлдөрү, бешөө 2015-2016-жылдардагы шайлоолорго катышкан, бирок Жогорку Кеңешке өтпөй калган партиялардын жана жергиликтүү кеңештерде өкүлдөрү бар партиялардын өкүлдөрү жана эксперт-изилдөөчүлөр, бейөкмөт уюмдардын активисттери (6 адам) менен интервью жүргүзүүдө колдонулду.

***Жаш курак критерийи.*** «Жаштык курак» боюнча ченемдер ар кандай өлкөлөрдө ар түрдүүчө белгиленген. БУУнун Коопсуздук Кеңеши 2015-жылдын декабрында жаштар арасында радикалдык маанайдын өсүшүн туруктуулук менен өнүгүүгө коркунуч деп тааныган резолюция кабыл алган.[1] Аталган резолюцияда жарандардын бул категориясы курагы 18-29 жаштагы адамдар деп аныкталган. Кыргыз Республикасынын 2009-жылдын 31-июлунда кабыл алынган № 256 «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө» деген Мыйзамынын 2-беренесинде жаштарга 14 жаштан 28 жашка чейинки жарандар кирет деп көрсөтүлгөн. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине шайлоого 21 жаштан тарта катышса болот. Биздин иликтөөдө жаш курак улуттук мыйзамга – «Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө» 2009-жылдын 31-июлунда кабыл алынган № 256 Мыйзамына ылайык 14 жаштан 28 жашка чейинкилер деп белгиленген.

***Саясий уюмга тиешелүүлүгү.*** Иликтөөнүн жүрүшүндө формалдуу уюмдардын өкүлдөрүн аныктоо боюнча кыйынчылыктар болгон жок, буга расмий түрдө таандыктыгы ( саясий партияларга мүчөлүгү жана мамлекеттик уюмдарда эмгек келишими бар) экендиги негиз берди. Бейформал институттар (саясий кыймылдар) менен байланышкан учурларда тандоо респонденттин ошол уюмга мүчө экендигин өзүнүн тастыктаганына жараша негизделди

[1] Ушул сайттан табасыз http://www.un.org/ru/sc/2231/

## Иликтөөнүн куралдары

Иликтөөнүн куралдары катары кейс-стади, уюмду ситуациялык талдоо, түрдүү категориядагы респонденттер менен интервьюлар колдонулду. Иликтөөнүн ар бир куралы тиркемеде катталды:

- 1-тиркеме. «Кейс-стади «Жаш лидер»»;
- 2-тиркеме. «Эксперттер менен интервью жүргүзүү үчүн сурамжылоо барагы»;
- 3-тиркеме. «Саясий партиялардын лидерлери менен интервью жүргүзүү үчүн сурамжылоо барагы»;
- 4-тиркеме. «Саясий партиялардын жаш мүчөлөрү менен интервью жүргүзүү үчүн сурамжылоо барагы»;
- 5-тиркеме. «Бейформал саясий уюмдардын мүчөлөрү менен интервью жүргүзүү үчүн сурамжылоо барагы»;
- 6-тиркеме. «Мамлекеттик бийлик органдарынын жетекчилери менен интервью жүргүзүү үчүн сурамжылоо барагы»;
- 7-тиркеме. «Мамлекеттик бийлик органдарынын жаш кызматкерлери менен интервью жүргүзүү үчүн сурамжылоо барагы»;
- 8-тиркеме. Уюмдарды ситуациялык талдоо.

# *Кыскача резюме*

«Кыргызстандын жаштары: баалуулук багыттары, социалдык маанай жана конфликтүү жүрүш-туруш»[1] деген иликтөөгө ылайык, Кыргызстандагы жаш адамдарда өзүн-өзү саясий жактан аныктоо деген жокко эсе. Ага карабастан иликтөө учурунда жүргүзүлгөн айрым интервьюлар жаштар арасында бийликке умтулуу күчтүү экендигин көрсөттү.

«Жаштар жана шайлоолор: Кыргызстандагы саясий процесстерге жаштардын катышы»[2] деген иликтөө шайлоо процесстеринин алкагында жаштардын саясатка аралашуусунун ар кандай аспектилерин караган.

Биздин иликтөөдө болсо жаш активисттердин саясий партияларда, бейформал саясий бирикмелерде жана мамлекеттик кызмат түзүмдөрүндө болуусунун алгоритмин тереӊ изилдөө милдети алдыга коюлган. Талаадагы иликтөөлөрдө «Республика-Ата Журт», «Өнүгүү-Прогресс», «Ак Шумкар», Мамлекеттик ынтымак менен мекенчилдиктин «Бир Бол» саясий партиясы, Социалисттик «Ата-Мекен», «Кыргызстандын Социал-Демократиялык партиясы (мындан ары – КСДП), «Кыргызстан», «Замандаш», «Мекен Ынтымагы», «Бүтүн Кыргызстан-Эмгек», «Улуу Кыргызстан», «Табылга», «Демократ», «Улуттар Биримдиги элдик партиясы» саясий партияларынын өкүлдөрү, «Жаӊы Муун» саясий кыймылынын жана жаштардын «Кырк Чоро» бейформал тобунун мүчөлөрү сурамжыланды. «Мамлекеттик жаш кызматкерлер» категориясында ар кандай мамлекеттик мекемелердин, министрликтердин, жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдарынын жаш кызматкерлери, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеӊешинин жана Өкмөтүнүн аппаратынын мүчөлөрү сурамжыланды.

Иликтөөдө мамлекеттик органдар жаштардын саясий мейкиндикте өздөрүн көрсөтүүгө мүмкүнчүлүк бере турган саясий уюм катары каралды. Иликтөөдө жаштардын аталган уюмдардагы жүрүм-туруму, ишке орношуна же тескерисинче иштен кетишине түрткү болгон жагдайлар талданды.

Иликтөөнүн башкы милдеттеринин бири жогоруда аталган институттар жаштардын өлкөнүн турмушуна саясий катышына канчалык деӊгээлде чыныгы аянтча болуп бере алаарын аныктоо болду.

**«Жаштардын саясий катышы»** деген терминди биз бардык саясий системанын жаш мүчөлөрү таасир көрсөтө алган же ошол системанын ишмердигинин натыйжасына таасир көрсөтүүгө далалаттанган аракет деп аныктайбыз.

Иликтөөнүн жүрүшүндө төмөнкү **негизги бүтүмдөр** жасалды:

**Саясий партиялардагы жаштар** партиянын ишмердигинин натыйжасына таасир көрсөтө алышпайт, буга алардын саясий билими менен тажрыйбасынын жоктугу башкы себеп. Саясий партиялар жана алардын жетекчилери жаштарды курал же өз максаттарын ишке ашыруучу күч катары эсептешет. Иликтөөгө катышкан партиялардын биринде да жаш мүчөлөрдү кадр катары даярдоо программасы жүргүзүлбөйт, партиялык

---

[1] ACTEDдин (Agency for Technical Cooperation and Development) «Кыргызстандын коомчулугунун катышуусу менен максаттуу анализ жүргүзүү жолу аркылуу чыр-чатактарды токтотуу» долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн, – Бишкек, 2014-ж.

[2] «Жаштарды өнүктүрүү Институту» Коомдук бирикмеси, Фридрих Эберт Фонду жана Жаштарды өнүктүрүү Институту KULT (Institute for Youth Development) тарабынан жүргүзүлгөн. – Бишкек, 2015-ж.

мектеп жок. Партиялар өздөрүнүн кадрдык жеке мүмкүнчүлүгүн калыптандырып, партиянын жаш лидерлерин сапаттык жактан даярдап такшалтууга кызыкдар эмес, себеби бул өтө көп жана туруктуу материалдык чыгымды талап кылат.

**Жаштар бейформал уюмдарда** да анын ишмердигин аныктаган процесстерге таасир көрсөтүү мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес. Өздөрүн жаштар уюмдары деп атап, жаштардын атынан сүйлөгөн бейформал уюмдардын көбү иш жүзүндө андай эмес. Мындай уюмдардын катарында жашы 28ге чейинки жаштардын саны өтө аз. Бул уюмдарда чечимдер көпчүлүк добуш менен кабыл алынгандыктан добуш берүүгө укугу жана мүмкүнчүлүгү бар болсо да жаштар иш жүзүндө чечим кабыл алуу процессине таасир көрсөтө албайт, тактап айтканда, бейформал уюмдарда жаштардын чыныгы саясий катышы менен таасири жок экендиги даана анык болду.

**Жаштар мамлекеттик бийлик органдарында** – бул көпчүлүк учурда иш тажрыйбасы аз жаш адистер, жетекчилердин күнүмдүк иштери менен алектенген жардамчылар.

Эксперттин пикири боюнча ушул тапта Кыргызстандагы жаштардын көбү саясатка кайдыгер карашат.

Иликтөөнүн жүрүшүндө негизги көңүл жаштардын шайлоого талапкер катары катышуу деңгээлине бурулду. Шайлоонун демократиялуулугунун деңгээли биринчи кезекте шайлана алуу мүмкүнчүлүгү менен бааланат. Анткен менен, жүргүзүлгөн иликтөөнүн жыйынтыгы бүгүнкү күндө бардык эле адам депутаттыкка талапкер боло албастыгын аныктады.

Калктын кайсы бир бөлүгүнүн кызыкчылыгын, аталган учурда жаштардын кызыкчылыгын коргоого даяр болуу талапкерлердин тизмесин түзүү процессинде ар дайым эле актуалдуу болуп эсептелбейт. Кыргыз Республикасынын улуттук мыйзамы жаштарга 21 жаштан баштап Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттыгына талапкер болууга жол берет, бирок ошол эле учурда «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» 2011-жылдын 2 –июлунда кабыл алынган №68 мыйзамынын 60-беренесинин 3-пункту талапкерлер 35 жашка чейин боло алат деген квотаны аныктайт,ошол эле учурда Кыргыз Республикасынын Конституциясы жаштык куракты 14 жаштан 28 жашка чейин беп белгилейт. Аталган жоболор жаштардын мыйзам чыгаруу бийлигине катышына толук мүмкүнчүлүк бербей тургандыгын Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин VI чакырылыштагы депутаттарын шайлоо көрсөттү. Ага карабастан партиялар Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинде жаштар бар деп ишенимдүү билдирип келишет. Ал эми бул органда курагы 28 жашка чейинки 2 гана депутат бар. Алар А.Мамашева («Ата-Мекен» партиясы) жана А.Жамангулов ( «Республика-Ата Журт» партиясы).

# 1-глава. *Жаштардын саясий партиялардын жаштар канатына катышуу жолу менен жүргүзгөн саясий ишмердиги*

Жаштар саясатка аралашып, келечекте бийликке бара ала турган негизги саясий институттардын бири – саясий партиялар.

Жаштардын Кыргызстандагы саясий партияларга кызыгуусу 2005-жылдан кийин кыйла өстү. Партиялар жаштар менен иштөө бөлүмдөрүн тездик менен уюштура башташкан. Жаштар канаты деген түшүнүк активдүү жаштар арасына тез тарап, улам бир партия ушундай түзүмдөрүн уюштурушкан.

Ага карабастан жүргүзүлгөн иликтөөнүн жүрүшүндө бардык эле саясий партияларда жаштар канаты түзүлбөгөндүгү аныкталды. Мындай көрүнүш тигил же бул партияда канча жаш адам мүчө экендигин же мүчөлүккө талапкер экендигин так аныктоого мүмкүнчүлүк бербейт.

Партиялардын түзүмүндө жаштар канатынын жок болгондугу анда такыр эле жаштар жок дегенди билдирбейт. Адатта партияларда жаштар канаты жаштардын же партиянын жаш мүчөлөрүнүн демилгеси менен түзүлөт. Айрым партияларда жаштар канаты өз артынан жаштарды ээрчите ала турган бир лидердин же бир нече лидерлердин эсебинен пайда болот. Жаштар канатынын мүчөлөрүнүн орто жашы 21-23 жаш жана алардын көбү жогорку окуу жайлардын ортоңку же акыркы курстарынын студенттери болушат. Саясий партиялардын мындай түзүмдөрүндө иштеген жаштар дээрлик жокко эсе.

Саясий партияларга жаштардын көбү чечимдерди кабыл алган адамдар менен байланыш түзүү үчүн барышаарын партиялардын жаш мүчөлөрүн сурамжылоо көрсөттү. Айрымдар үчүн партиялык тажрыйба топтоого мүмкүнчүлүк берет. Көпчүлүк учурда жаштар үчүн партия – саясатка аралашуу, бийликке баруунун чыныгы жолу. Жаштар менен маектешүүнүн жыйынтыгы көпчүлүк жаштар үчүн саясий партияга мүчөлүк статусун көтөрүүнүн жана өзүн-өзү көрсөтүүнүн бир ыкмасы экендигин да көрсөттү.

Тигил же бул саясий партиянын мүчөсү болууга тандоонун башкы себеби – партиянын лидерлеринин саясий жактан жетилгендиги жана инсандыгы, б.а. партияларды алардын лидерлерине же төрагасына карап тандашат. Андан тышкары партиянын имиджи менен таанымалдыгы да бааланат.Төмөндө партиялардын жаш мүчөлөрүнөн атын жашыруу менен алынган сурамжылоонун үзүндүлөрү берилди.

*«Идеалдуу партиялар жок, бирок иштешсе боло турган реалдуу адамдар бар».*

***А., 21 жашта***

*«Мен партиядагы керектүү адамдар аркылуу өз демилгемди өткөрүп кете аларымды билем».*

***А., 26 жашта***

*«Партия бир жерден экинчи жерге ташып баруучу унаа катары, бул алга кетүүгө мүмкүнчүлүк».*

***М., 22 жашта***

*«Мени партиянын жаштар канатынын координатору кылып алышкан жана ал үчүн үгүт өнөктүгү учурунда акча төлөшкөн. Бул мен үчүн жакшы тажрыйба жана керектүү байланыштарды түзүүгө жакшы мүмкүндүк болду».*

**М., 26 жашта**

*«Ар кандай партиялардан көп сунуштар болду. Мен шайлоодо жеңишке ийгиликтүү жете ала турган партияны тандадым».*

**А., 28 жашта**

Сурамжылоого катышкандардын аз гана бөлүгү өзүлөрүн партия менен бир уюм катары сезишээрин билдиришип, программалары жөнүндө кененирээк баяндап, ага кирүүгө идеясын колдоо себеп болгондугун айтышты.

Жаштардын тигил же бул партияга кирүүсүн талдап отуруп, 2010-жылга чейин жаштар саясий партияга көбүнчө ошол кездеги бийликке каршылык көрсөтүү илеби менен киргендигин белгилесек болот. Бүгүнкү күндө жаштар партияны өзүнүн кызматтык даражасын өстүрүүгө тепкич катары пайдалануу тенденциясы байкалат. Көпчүлүк учурда жаштар партияны өзүн чоң саясаттагы жаш лидер катары көрсөтө ала турган аянтча катары кабылдашат.

Талаадагы изилдөөлөрдүн учурунда чечим кабыл алуу механизмдери талданды: партиянын ичиндеги чечим кабыл алуу маселелери, анын ичинде чечимдерди кабыл алуу процессине жаштар кантип катыша алышат деген маселе такталды.

Чогултулган маалыматтарды талдоо көпчүлүк партияларда жаштар чечим кабыл алуу процессине күнүмдүк оперативдүү иштер менен алектенүү, кыска мөөнөттүү иш-чараларды пландоо маселеси менен гана чектелээрин көрсөттү. Сурамжыланган 14 партиянын ичинен 2 гана партиянын саясий кеңешинде жаш мүчөлөрдүн көз караштарын билдире ала турган өкүлү бар экен. Партиянын маанилүү чечимдерин кабыл алууга жаштар катыша ала турган негизги мүмкүнчүлүк –бул партиянын курултайы, бирок көп учурда бул окуя жаштар үчүн жасалма коодук түзө турган окуя эле болуп калат. Партиянын улуу курактагы мүчөлөрү жаштардын пикирине көңүл бурушабы деген суроого респонденттердин баары оң жооп беришти. Анткен менен алардын баары эле партиянын маанилүү ички чечимдерин кабыл алуу процессине жаштар кантип катышаарын далилдеген мисалдарды келтире алышкан жок. Респонденттердин көбү өзүнүн партиянын ишмердигине аралашуусун чечимдер кабыл алынбай турган ар кандай иш-чараларга (саясий акцияларга, тегерек үстөл жыйындарына, ишембиликтерге, кайрымдуулук жана маалымат берүү иш-чараларына) катышуу деп аташты.

Жаштардын саясий партиялардагы ишмердиги алардын каржы жагынан мүмкүндүгү аздыгы менен чектелет. Партиялардагы жаштар аябай эле аялуу жана «партиядагы энелер» саясатына көз каранды. Жаштар өз партиясы аркылуу адамдардын белгилүү тобун коргоо демилгесин көтөрүп, мыйзам долбоорлору менен программаларды кабыл алдырууга чамасы жетип турса да өз алдынчалыгы чектелүү.

Партиядагы жаш мүчөлөрдүн жаштар саясатына тиешелүү стратегиялык документтерди даярдоого катышуусу да анча жогору эмес. «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңеш депутаттарын шайлоо жөнүндө» 2011-жылдын 2-июлунда кабыл алынган №68 мыйзамдын 60-беренесине ылайык саясий партия талапкерлердин тизмесин түзгөн кезде жашы 35тен ашпаган талапкерлердин саны 15%тен кем болбош керек деген талапты эске алышы керек. Бирок, мыйзамдын аталган пункту жаштардын парламенттеги көп өкүлчүлүгүн камсыз кыла албай жатат.

Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине 2015-жылдагы шайлоо жаштардын «өзгөчөлүүлүгүнүн» ачык көрсөткүчү болуп калды.

Иликтөөнүн жүрүшүндө шайлоого катышкан ар бир саясий партиянын жашы 28ге жете элек талапкерлеринин жалпы санын эсептөө жүргүзүлдү. 1-диаграммада шайлоого катышкан партиялардын жалпы мүчөлөрүнүн саны менен талапкер болгон жаш партиячылардын салыштырма саны чагылдырылган.




***Диаграмма 1. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине 2015-жылдагы шайлоого катышкан жаш талапкерлердин саны***

Көрүнүп тургандай, Кыргыз Республикасынын шайлоолорду жана референдумдарды өткөрүү боюнча Борбордук шайлоо комиссиясы каттоого алган учурда 14 партиянын ичинен «Улуу Кыргызстан» партиясынын депутаттыкка талапкерлеринин тизмесинде жаштардын саны эң көп болгону байкалды. 153 талапкеринин ичинен 40 талапкердин жашы 21 жаштан 28ге чейин болду. Мындай көрсөткүч бул партиянын жаштар партиясы деп эсептелгени жана мүчөлөрүнүн орто жашы башкаларга салыштырмалуу жаш болгону менен акталат. «Ар-Намыс» партиясынын 34 талапкери жаш болду, бирок талапкерлеринин жалпы саны 188 адам болду. Көп партиялардын жаш талапкерлеринин саны орто эсеп менен 22 адам болду. Жаштардын өкүлдөрү эң аз санда КСДП партиясында болду, анын 127 талапкеринин ичинен болгону 8 гана орун жаштарга ыйгарылды.




***Диаграмма 2. Саясий партиялардын катталган жалпы талапкерлеринин ичинен 28 жашка чейинки жаш талапкерлеринин проценттик катышы***

Көп партияларда 28 жашка чейинки талапкерлер тизменин аягына коюлган. Бул жаштар талапкерлердин зарыл санын толуктоо үчүн эле киргизилген деген ойду жаратат. Иликтөөнүн жүрүшүндө партиялардын жаштар канаттарынын лидерлеринин тизмеде алган катар номери талданды. Жалпысынан, 2015-жылдагы парламенттик шайлоого катышкан 14 партиянын төртөөндө жаштар канатынын лидери талапкер болуп катталган, бирок алар дагы тизменин аягына коюлган.

Буга чейин белгиленгендей, Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине шайлоонун жыйынтыгында парламенттеги 120 депутаттын экөө гана 28 жашка чыга элек. Алар А. Мамашева («Ата-Мекен» партиясы) жана А. Жамангулов («Республика-Ата Журт» партиясы).

Мындай көрсөткүч саясий партиялардын жаш мүчөлөрүнүн көбүнүн маанайына терс таасир берди. Алардын айрымдары мындан ары өз турмушун кандайдыр бир партия менен байланыштыргысы келбейт.

Эң биринчи берилген суроолордун бири жаш курак болду. Респонденттердин пикири боюнча жаш деп эсептелген куракттын чеги кандай болуш керек, анын ичинде саясатка аралашуу үчүн жарандардын артыкчылыктуу курак категориясы кандай болуш керектиги такталды.




***Диаграмма 3. Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине 2015-жылдагы шайлоого катышкан саясий партиялардын депутаттыкка талапкерлеринин тизмесинде жаштар канатынын лидерлеринин катар номери***

Саясий партиялардын жаш лидерлеринин дээрлик бардыгы 18ден 30га чейинки курак «жаш» деп эсептелиш керек, ал эми саясатка жакшылап аралашуу курагы 30-35 жаш болуш керек деп белгилешти. Респонденттер муну жашы 30-35ке барып калган жаш адам турмуштук зарыл тажрыйбага ээ болот деп негиздешти. Аны менен кошо каржы жактан бутуна туруу да чоң мааниге ээ экендигин эске алышты. Сурамжыланган партиялардын төрагаларынын көбү да ушундай пикирде экендигин айтышты.

Жаш курак боюнча мындай критерийлер жаш лидерлердин келечек пландары менен түшүндүрүлөт. Респонденттердин көбү белгилүү убакыттан кийин өздөрүн бийликтин конкреттүү бир кызматында отурабыз деп элестетишет.

Ошону менен бирге ар бири өз бизнесин түзүүгө умтулушат, анткени, алардын пикири боюнча саясатка аралашуу көп акчаны талап кылат. Алардын планында мамлекеттик кызматта да иштеп, тажрыйба алуу жана стаж маанилүү.

> *«Мага баарынан мурун каржылык жактан көз каранды болбой, бизнес кылуу, аны менен бирге мамлекеттик кызматта иштеп, стаж топтошум керек, андан кийин парламентке баруу керек».*
>
> ***А., 25 жашта***

*«35 жашка барганда мен өзүмдү юстиция министри болом деп көрөм, андан ары Өкмөттө, реалдуу тармак боюнча вице-премьер... Ага чейин мен өз бизнесимди бутуна коюшум керек»*

***Э., 27 жашта***

Респонденттерге эгер өз партиясынан чыга турган болсо башка кайсы партияны тандаар элеңиз деген суроо берилди.

Берилген жооптор кайсы бир партиянын катарында турган, бирок анын идеясын толук колдой албаган ( балким идеясы жок же так аныкталган эмес) жаштар партиялык мүчөлүгүн оңой эле алмаштырып кое алат деп бүтүм чыгарууга негиз берди.

Респонденттердин бир бөлүгү партияга мүчөлүгүн саясий платформасы таптакыр карама-каршы келген партиялар менен алмаштыруусу мүмкүн экендигин белгилешти. Маселен, бийликте турган партиянын мүчөлөрү оппозициядагы бир партияны жана анын лидерин жактырарын же тескерисинче, оппозициядагы партиялардын өкүлдөрү бийликтин партиясына ишеним артаарын билдиришти. Респонденттер көп учурда өз жоопторун тигил же бул партиянын лидерине жеке ишенимде экендиги, ошол партиянын тарыхы, парламенттик жана жергиликтүү кеңештерге шайлоонун жыйынтыктары менен негиздеп, түшүндүрүп жатышты. Бир нече гана респондент ушул тапта башка татыктуу партияны көрбөй тургандыктан башка партияны тандоодон баш тартышты. Мындан тышкары респонденттер жаңы партияларды түзүү зарыл деген пикирлерди да айтышты.

## 2-глава. *Жаштардын бейформал саясий уюмдардын ишине катышуу жолу менен саясий активдүүлүктөрүн ишке ашыруу мүмкүнчүлүктөрү*

Жаштардын саясий интеграциясы жөнүндө сөз кылганда өзгөчө көңүлдү курамына жаштардын саясий жана ар түрдүү кыймылдары, студенттик клубдар кирген бейформал саясий уюмдарга буруу зарыл. Так мына ушулар өзүнүн тегерегине активдүү көп жаштарды чогултуп, коомдун саясий жашоосунда маанилүү роль ойнойт. Аталган уюмдардын каршылык билдирген иш-чараларды жана ар түрдүү акцияларды эл алдында уюштурган иш формасы өз катарына жаш муундун демилгелүү өкүлдөрүн тартат.

Бул уюмдардын көп иш-чаралары саясий-укуктук мүнөзгө ээ. Бейформал саясий уюмдар көп учурда оппозициячыл, каршылык билдирүү көз карашында болуп, так түзүмдө болбойт жана өлкөдө болуп жаткан социалдык-саясий, экономикалык окуяларга өтө тездик менен реакция жасайт.

Азыркы Кыргызстандын тарыхында 2005-жылдагы «Жоогазын революциясынын» активдүү катышуучулары болгон «Кел-Кел» жана «Бирге!» сыяктуу жаштардын радикал-демократиялык кыймылдары болгондугун тастыктаган белгилүү мисалдар бар. Жаштардын бул бирикмелеринин катарына ар түрдүү саясий партиялардын, укук коргоо уюмдарынын, журналисттердин, жаш активисттердин өкүлдөрү киришкен.

Жаштардын саясий кыймылдарын ар дайым өзгөчөлөнтүп турган нерсе – эл алдындагы стандартка төп келбеген эдвокаси-кампаниялары, түрдүү акцияларды уюштуруу болгон. 2010-жылдын апрелиндеги окуяларда да ошол кездеги мамлекеттик системага каршы күрөштө негизги кыймылдаткыч күч катары жаштардын катышуусу көрүнүктүү болгон. Революциядан кийинки толкун менен кошо бүт өлкө аймагында, анын ичинде региондордо ар кандай жаштар жана саясий уюмдар түзүлө баштады жана алардын ишмердиги өлкөнүн түштүгүндө 2010-жылдын июнь айында болгон окуялар учурунда күчтөндү. Ал мезгилдин жаркын өкүлдөрү катары «7- апрель», «Патриот», «Кыргызстан жаштар кеңеши», «Кырк Чоро», «Калыс», «Мекен шейиттери», «Айкөл Ала-Тоо», «Табылга» уюмдары жана башка уюмдар болушкан. Бул уюмдар ынтымактуу иш жүргүзүп, бирибиринин демилгесин колдоп, биргелешкен иш-чараларды өткөрүп турушкан. Алар өз ишмердигине ар кыл саясий партиялардын өкүлдөрүн да тартышканын белгилейбиз.

Анткен менен мындай демилгелердин көпчүлүгү кыска мезгилде эле өкүм сүрүп, ишмердиги убактылуу мүнөзгө ээ экендиги менен айырмаланат, анткени мындай саясий кыймылдар менен демилгелүү топтордун, адатта уюштуруу түзүмдөрү болбойт, материалдык-техникалык базасы жок, көздөгөн бир багыты жана юридикалык статусу жок. Бейформал саясий уюмдардын жашоосуна, андан аркы өнүгүшүнө мыйзам боюнча мындай демилгелүү топтордун бийликке барууга укугу жоктугу кыйынчылык түзөт.

Бүгүнкү күндө жогоруда аталган уюмдардын көбү эбак иштебейт. Ага өзөгүн түзгөн адамдардын тарап кетиши, башка уюштуруу иштерине өтүп кеткендиги башкы себеп. Мисалы, «Кел-Кел» жаштар кыймылы (2005-жылы уюштурулган) өзүнүн ишмердигин токтоткон, анын мүчөлөрүнүн бир бөлүгү мурдатан иштеген саясий партияга кирип кетишти, айрым лидерлери коомдук-саясий ишке катышууну такыр эле токтотуп коюшту.

Өлкөнүн коомдук-саясий турмушуна жаштардын саясий катышы болуш керек деген идеяны өнүктүргөндүгүнөн улам «7 -апрель», «Кыргызстан жаштар кенеши», «Табылга» сыяктуу уюмдар өз алдынча саясий партиялар деңгээлине өсүп жетишти жана республикалык жана жергиликтүү кеңештерге шайлоолордо бир топ жакшы көрсөткүчтөргө ээ болушту.

Андан тышкары бейформал саясий уюмдарга мүчөлүк айрым лидердин бийликке жетишине жакшы тепкич болуп берген жакшы мисалдар бар, бирок ал дагы жашы 28ге чейинки жаштарга тиешелүү эмес.

Кыргызстандагы азыркы учурдагы көрүнүктүү бейформал саясий уюмдардын бири «Жаңы муун»( 2015-жылдан бери иштейт) кыймылы эсептелет. Аталган кыймылдын мисалы менен ушундай уюмдардын ишмердигинин принциптерин байкап көрсө болот. Алардын ишинин негизин эреже катары тармактык принцип түзөт. «Жаңы муун» кыймылынын лидерлеринин биринин айтымында, уюмдун бир нече лидерлеринен турган негизги өзөк бар жана алардын ар биринин өз кишилеринен турган топтору бар. Алар зарыл болгон учурда чогулушат жана иш «жигиттик келишим» («эркектин сөзү», «эркекче макулдашуу») деп аталган оозеки макулдашуунун негизинде бейформал жүргүзүлөт. Мындай форматта иштөө лидерлердин өзүнө жагат, анткени так түзүлгөн иерархия жок, бардык чечимдер уюмдун ар бир мүчөсүнүн пикирин эске алуу менен коллегиалдуу түрдө кабыл алынат.

Иликтөөнүн алкагында бейформал саясий уюмдардын лидерлеринин арасында жүргүзүлгөн кейс-стади саясий кыймылга кирген же өздөрү ушундай уюмдарды түзгөн жаш адамдардын көпчүлүгү мурун саясий партиялардын мүчөсү болгондугун көрсөттү. Сурамжыланган респонденттердин көбү партиядан кеткендигин жана бейформал уюмду тандагандыгын азыркы партиялардын бардыгына ишеним жоктугу, өз муунундагы шакирттерин чогултуп, өз алдынча саясий күч болгусу келгендиги, учурда иштеп жаткан саясий күчтөргө көз каранды болгусу келбегендиги, ошондой эле саясий партиялардын лидерлеринен көңүлдөрү калгандыгы жана өлкөдөгү саясий процесстерге таасир көрсөтүү мүмкүнчүлүгү жоктугу менен түшүндүрүштү.

*«Жаштар саясий партияларда жөн эле курал болуп эсептелет. Мен аны өзүм көрдүм. Ал жакта бардык нерсени акча чечет».*

***Д., 35 жашта***

*«Мен партияга лидерин ээрчип киргем, бирок ал шайлоо алдында башка партия менен биригип алгандан кийин мен ал жактан кетип калдым. Мен жаштар биригиши жана эски системаны талкалап, карыган саясатчыларды алмаштырышы керек деп эсептейм».*

***Э., 27 жашта***

*«Биздин өлкөдө чыныгы партия жок. Аларга жаштар канатын түзүп, жаштарды азгырууга такыр тыюу салуу керек деп ойлойм. Алардын айынан жаштар бөлүнүп, чырчатактарга барып жатат. Алар бөлүнүүгө түртөт».*

***Б., 28 жашта***

*«Мен партияга, анын биринчи лидерине ишенгем. Мурун ал чын эле идеялуу партия болчу, бирок кийин баары өзгөрдү, анан мен кетүүнү чечтим. Мен алган тажрыйбама ыраазымын, бирок алар менен андан ары баруунун кереги жок».*

***Ж., 22 жашта***

*«Биз иштеп жаткан партиялар эсептешкендей болуп таасирдүү саясий күч катары өсүүгө милдетүүбүз. Бизде мындан башка тандоо жок. Партиялар менен теңата сүйлөшүү керек».*

***Э., 36 жашта***

Эркин жана көз карандысыз болуп, өлкөнүн турмушуна өзгөртүү киргизүү, демилгелүү жана дымактуу болуу – бул жаштар үчүн табигый жүрүм-турум.

Мындай уюмдардагы жаштар мамлекеттеги саясий процесстерге таасир көрсөтүү мүмкүнчүлүгү үчүн күрөшөт. Жаш адамдар баарынан мурда өз таанымдарын социалдык мамлекет түзүү теориясына негиздейт, ал турсун катарына көптөгөн тарапташтарды тартууга, өлкө региондорунда өз позициясын бекемдөөгө шарт түзө турган социал-улутчул идеяга негиздейт. Жаштардын көп бөлүгүнүн материалдык абалынын начардыгы, өлкөдө жалпы жашоо деңгээлинин төмөндөшү, жумушсуздук, эртеңки күнгө ишенбөөчүлүк каршылык толкунун жана жаштардын радикалдык маанайын күчөтөт.

ИСАПтын (Стратегилык прогноз жана анализ институту)[1] Кыргыз Республикасынын маалымат мейкиндигин иликтөөсүнүн алкагында Кыргызстандагы иштеп жаткан жаштар кыймылдарынын көйгөйлөрүн, алардын социалдык-саясий жана социалдык-экономикалык процесстерге аралашуусунун деңгээлин камтыган изилдөөдөн маалымат мейкиндигиндеги ар бир 12-маалыматтык билдирүү кайсы бир конкреттүү жаштар кыймылын же уюмун көрсөткөн мазмунда болорун, калган билдирүүлөрдө жаңылыктар же программа эксперттик же илимий-практикалык тезистерге таянуу менен «жалпысынан» талкууланарын көрүүгө болот. Митинг жана каршылык билдирүү, өрт коюу, диний же этникалык негизде кагылышуу жөнүндө айтылган терс мүнөздөгү маалыматтарда, тескерисинче авторлору так айтылып, эмнеден келип чыкканы жана ага катышкан уюмдар менен жаштар кыймылдарынын багыты( кээде эле түзүмү) кеңири баяндалат. Бул жаштар коомдо интеграцияланган социалдык топ эмес коркунуч катары кабылданат деген ойго алып келет.

Бейформал уюмдардын лидерлери менен мүчөлөрүнүн жаш курагы жөнүндө сөз кыла турган болсок, партиялардын жаштар канатынан айырмаланып, бул бейформал саясий уюмдардын мүчөлөрүнүн орто жашы 30-32 жашты түзөт жана 28 жашка чейинкилердин саны өтө эле аз. Ага карабастан коомдо бул уюмдардын көпчүлүгү жаштардын демилгеси катары кабылдданат жана өздөрү да көп учурда Кыргызстандын жаштарынын атынан сүйлөшөт.

Бейформал саясий уюмдар саясий партиялардын жаштар канаты жана партиялардын өздөрү сыяктуу эле туруктуу каражаттын жоктугунан жана так аныкталган идеологиялык платформасынын жоктугунан улам чектелүү жана аялуу.

[1] «Кыргызстанда иштеген жаштар кыймылдарынын жана тажрыйбасынын баяндамасы», ушул сайттан табасыз *http://www.easttime.ru/analytics/kyrgyzstan/obzor-sushchestvuyushchikh-v-kyrgyzstane-molodezhnykh-dvizhenii-i-praktik/4461*

# **3-глава.** *Мамлекеттик бийлик органдарынын жаш кызматкерлери келечектеги жетекчилер катары*

Иликтөөнүн жүрүшүндө мамлекеттик ар түрдүү бийлик органдарынын жаш адистери жана жетекчилери сурамжыланды. Интервью алууда жаштарды мамлекеттик мекемелерге тартуу, алардын мамлекеттик уюмдардын ишмердигине катышышы жана жетекчилер менен өз ара аракеттенүүсү изилденди.

Кабинеттеги изилдөөлөрдө мамлекеттик бийлик органдарынын статистикалык маалыматтары жана Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу иштери жана этностор аралык мамилелер боюнча мамлекеттик агенттигинин (мындан ары КРнын ЖӨБЭММА) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы жаштардын өкүлчүлүгү жөнүндөгү маалыматтары талданды.

Кыргыз Республикасынын Улуттук статистикалык комитетинин 2013-жылы берген маалыматына ылайык, экономика тармагында иштеген жаштардын саны 756,3 миң адамды түзөт, анын ичинен 2,5 миң адам бийлик органдарынын бардык деңгээлдеги кызматтарында иштешет.

*Таблица 1*

**Бийлик органдарындагы жаштардын саны 2009-2013-жж. (миң адам)**

| | 2009-ж. | 2010-ж. | 2011-ж. | 2012-ж. | 2013-ж. |
|---|---|---|---|---|---|
| Бардыгы | 734,8 | 740,7 | 735,0 | 714,3 | 756,3 |
| Анын ичинен:<br>– жетекчилер (өкүлдөрү) бийлик органдарынын жана бардык деңгээлдеги башкармалыктардын, мекемелердин, уюмдардын жана ишканалардын жетекчилерин кошкондо | 3,5 | 2,8 | 3,8 | 0,8 | 2,5 |

Кыргыз Республикасынын ЖӨБЭММАнын маалыматына ылайык өлкөнүн бардык аймагы боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде 30 жаштагы башчылар 8 айыл округунда иштешет. Анын ичинен 4 адам Ысык-Көл областында, экөө Нарын областында, экөө Ош областында. КРнын ЖӨБЭММАсы өз алдынча башкаруудагы «жаштардын» курагын 30 жаш деп карайт.

Биздин иликтөөнүн алкагында жүргүзүлгөн сурамжылоодо мамлекеттик бийлик органдарынын жетекчилери мамлекеттик кызматта жаш кадрлардын жетишсиз экендигин, алар иштен тез-тез кетип калышаарын жана ага айлык маянанын аздыгы себеп деп түшүндүрүшөөрү белгилүү болду. Сурамжылоого катышкан жаштардын өздөрү болсо мамлекеттик кызматтагы кадр системасы дагы эле жеке тааныштык, жердештик жана белгилүү бир кланга тиешелүүлүк деңгээлинде калгандыгына тынчсызданышат.

Иликтөөнүн жүрүшүндө мамлекеттик башкаруу системасындагы жаш кызматкерлердин ишмердиги, алардын чечимдерди кабыл алууга катышуусунун деңгээли изилденди. Жаш респонденттер өзүлөрүнүн келечектеги кесиптик пландары менен ой бөлүштү. Алардын көпчүлүгү өз иштеринин бир гана оперативдик мүнөздө экендигин, күнүгө кайталанаарын жана өздөрү иштеген уюмдагы чечимдерди кабыл алуу процессине таасир көрсөтүү мүмкүнчүлүгү такыр жок экендигин жашырышкан жок.

Ошону менен бирге алар тигил же бул структурада иштеп жаткандыгынын себебин келечектүүлүгү, чечимдерди кабыл ала турган адамдар менен жеке байланышты чыңдап алуу мүмкүнчүлүгү бар экендиги жана кызматтык жогорулоо боло тургандыгы менен байланыштырышты. Сурамжылоонун жыйынтыгына ылайык, мамлекеттик жаш кызматкерлердин көп бөлүгү өздөрүн саясатка аралашам деп эсептештейт. Респонденттердин баары өздөрүн келечекте кайсы бир жетекчи кызматта отурабыз деп элестетишет жана карьерадагы максатына жеткирүүчү аракеттердин алгоритмин жакшы билишет. Сурамжылангандардын көпчүлүгү кызматтык тепкич менен жогорулоо үчүн чечим кабыл алчу адамдар менен абдан жакшы тааныш болуш керек деген ишенимде. Көпчүлүк респонденттердин пикири боюнча, кесипкөйлүк, тажрыйба жана эмгек стажы жетекчи кызматка тандоодо маанилүү критерий болбойт. Көрсө, ал үчүн бирөөгө таандык болуу жана кайсы бир саясий күчтүн, саясий партиянын көрсөтмөсү өтө маанилүү экен.

*«Бүгүн мен жана менин ата-энем мамлекеттик кызматта иштеп жаткандыгым үчүн төлөп жатышат, себеби айлык маяна аябай аз. Мен карьера үчүн гана иштеп жатам, келечекте Премьер-министр болгум келет».*

***А., 27 жашта***

*«Мага мамлекеттик кызмат жагат. Менин максатым келечекте министр болуу. Азыр тажрыйба топтоп, байланыштарды чыңдап жатам. Мага эл аралык долбоорлордо иштөөнү сунушташты, бирок мен мамлекетке иштөөнү каалайм... Саясатка кызыкпайм».*

***А., 26 жашта***

Мамлекеттик структураларда иштеген респонденттердин жооптору алардын мамлекеттик кызматты жогорку кызматка жетелеп барчу тепкич сыяктуу элестеткен романтикалуу кыялдарга бай экендигин көрсөттү. Бирок, бул карьералык өсүү үчүн аябай туура жол деп эсептебей тургандыгын билдирген жооптор да болду.

*«Мен мекемеде бир эле кызматта 15-20 жылдап иштеген көп кызматташтарымды көрөм. Алар аябай тажрыйбалуу адистер жана биз алардан үйрөнөбүз, бирок жетекчи кызматтарга адамдар дайыма башка жактан келишет. Ошондо башкача ойлоно баштайсың. Мен жетекчи болгум келет жана өлкөнүн өнүгүшү үчүн иштегим келет, бирок ал үчүн мага байланыштар жана колдоочу керек».*

***А., 25 жашта***

# *Корутунду*

Акыркы жылдарда, айрыкча 2005-жылы жана 2010-жылы болгон саясий окуялардан кийин Кыргызстанда коомдун активдүү социалдык катмары катары жаштардын ролуна көбүрөөк көңүл бурула баштады. 2010-жылы Кыргыз Республикасынын жаштар иштери боюнча өзүнчө министрлиги түзүлдү[1], жаштар саясатынын Мамлекеттик стратегиясы иштелип чыкты[2], мамлекеттик жана муниципалдык кызмат үчүн жаңы муундагы башкаруучу жаш кадрларды окутуу уюштурулду[3], саясий бирикмелердин ишине жаштар көп тартыла баштады. Анткен менен жаштардын өлкөнүн коомдук-саясий турмушуна чындап катышуусуна алып келген жок.

Ушул иликтөөнүн жыйынтыктары 14 жаштан 28 жашка чейинки жаштар үч саясий институттун: саясий партиялар, бейформал саясий уюмдар жана мамлекеттик бийлик органдарынын ишмердигинин активдүү катышуучусу эмес экендигин айкын көрсөттү. Аталган саясий институттар жаштардын өздөрүнүн саясий жактан жеткилең эместигинен, иш тажрыйбасынын, билимдин, институттардын өзүндө жаштарды реалдуу саясий катышуучу болууга тарбиялачу калыптанган системасынын жоктугунан улам өлкөнүн коомдук-саясий жашоосуна жаш адамдарга чындап аралашуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кыла алышпайт.

Белгилей кетүүчү жагдай, жаштардын өзүн-өзү таануусу жана социалдык идентификация 28 жаштан ашкандан кийин болот. Сурамжыланган респонденттердин дээрлик баардыгы бул категория үчүн 30-35 жашты аташты, так ушул курактагы жаш адамдар коомдо жаштар деп таанылып,өлкөнүн жашоосуна саясий жашоосуна катышууга даяр болушат.

Бирок, биздин пикир боюнча, жаштардын курак чегин чоңойтуу алардын социалдык жана саясий катышын активдештире турган жалгыз рычаг боло албайт.

Жаштардын ишмердигин, өлкөдө парламентаризм өнүгүп жаткан шарттагы кадр саясатын жөнгө салган укуктук-ченемдик актыларды жакшыртуу жана партиялык системаны бекемдөө боюнча комплекстүү иш жүргүзүү зарыл.Саясий институттардын потенциалын күчтөндүрүү жана жаштар өздөрүнүн саясий дымактарын толук ишке ашырып, мамлекеттин жашоосуна чыныгы саясий катышта болуусуна өбөлгө бере турган калыптанган системаны түзүү керек.

---

[1] Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 1- июлдагы Токтому ВП № 110.
[2] Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2012-жылдын 25-сентябрдагы Токтому № 640.
[3] Кыргыз Республикасынын Убактылуу Өкмөтүнүн 2010-жылдын 20-майдагы Токтому ВП № 52.

# *Сунуштар*

## ***Мамлекеттик бийлик органдарына***

### **Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешине**

1. Жаштардын чечимдерди кабыл алууга көбүрөөк катышын камсыз кылуу үчүн «Кыргыз Республикасынын «Саясий партиялар жөнүндө» 1999-жылдын 12-июндагы № 50, «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» 2011–жылдын 2-июлундагы № 60, «Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу жөнүндө» 2011-жылдын 15-июлундагы № 101, «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө» 2009-жылдын 31-июлундагы №256 Мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүү.
2. «Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө» 2009-жылдын 31-июлундагы № 256 Мыйзамына «жаш» деген категорияны 30-32 жашка көтөрүү жана формалдуу түрдө бекитүү, анткени бүгүнкү күнү жаштар так ушул жаш категориясында өзүн-өзү таанырын жана социалдык идентификация болорун сурамжылоо көрсөттү.

### **Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө**

1. «Кыргыз Республикасынын жаштар саясатынын 2016-2020-жылдардагы стратегиясына» жаштарга саясий билим берүү жана саясий уюмдарда жаштар менен иштешүү компонентин киргизүү.
2. Өлкөдөгү калыптанган партиялык системага багытталган кадр саясатынын стратегиясын иштеп чыгуу.
3. Мамлекеттик кызматтагы жаш адистер үчүн ментордук (насаатчылык) программасын иштеп чыгуу жана ишке киргизүү.

### **Саясий партияларга**

1. Партиянын жаш мүчөлөрүн өстүрүү жана аларга билим берүү боюнча өздөрүнүн партиялык мектептерин түзүп, партиянын кадрдык дараметин бекемдөөгө жана жаштардын чечимдерди кабыл алуу процессине катышууга мүмкүнчүлүк берүүгө өзгөчө көңүл буруу.
2. Партиялардын саясий кеңешинин курамына жаштардын өкүлдөрүн киргизүү.

# *Булактар*


1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы, 2010-жылдын 27-июнунда референдумда (жалпы элдик добуш берүүдө) кабыл алынган.
2. Кыргыз Республикасынын «Саясий партиялар жөнүндө» № 50 Мыйзамы, 1999-жылы 12-июнда кабыл алынган.
3. «Кыргыз Республикасынын Президентин жана Кыргыз Республикасынын Жогорку Кеңешинин депутаттарын шайлоо жөнүндө» 2011-жылдын 2-июлундагы № 60 Мыйзамы.
4. «Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу жөнүндө» 2011-жылдын 15-июлундагы № 101 Мыйзамы.
5. «Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө» 2009-жылдын 31-июлундагы № 256 Мыйзамы.
6. Кыргыз Республикасынын жаштар саясатынын 2016-2020-жылдарга стратегиясы.
7. Багдасарова Н. Кыргызстандын коомчулугунун катышуусу менен максаттуу анализ жүргүзүү жолу аркылуу чыр-чатактарды токтотуу. Социальной интеграция борбору, USAID (Америка Кошмо Штаттарынын эл аралык өнүктүрүү Агенттиги, ACTED (Agency for Technical Cooperation and Development). – Бишкек, 2014.
8. Базарбаев К., Жумагулов Б. Саясий партиялар: теория жана практика. – Бишкек, 2012.
9. Иликтөө «Жаштар жана шайлоолор: жаштардын Кыргызстандагы саясий процесстерге катышуусу». «Жаштарды өнүктүрүү Институту» Коомдук бирикмеси, Фридрих Эберт Фонду, Жаштарды өнүктүрүү Институту KULT (Institute for Youth Development), 2015-ж.
10. Кыргызстандагы жаштар кыймылдарынын жана тажрыйбасынын баяндамасы. Стратегиялык анализ жана прогноз Институту – Бишкек, 2012.
11. Кыргыз Республикасынын калкынын жашоо деңгээли 2010-2014-жж. КРнын Улуттук статистикалык комитети. Жылдык баяндама. – Бишкек, 2015. Ушул сайттан табасыз www.stat.kg

# *Тиркемелер*

*1-тиркеме*

**Кейс-стади «Жаш лидер»**

Бул кейс боюнча 3 респондент суралышы керек:

1) Лидердин өзү
2) Ага жакын жүргөн адамдардын бири (партиянын мүчөсү)
3) Туугандарынын бирөө (лидердин уюмунун ишмердигине тиешеси жок тууганы)

Бул кейс-стадиде интервьюдан тышкары лидердин ишмердигин байкоо жана изилдөө абдан маанилүү.

Аффилиация ____________________________________________

Ээлеген кызматы________________________________________

Бул партияда/саясий уюмда ________________________ жылдан баштап

| | Суроолор | Лидер | Шакирти Кысқача баяндама ________ ________ | Тууганы Кыскача баяндама ________ ________ |
|---|---|---|---|---|
| 1. | Курак боюнча жаштар үчүн коюлган чекке кандай карайсыз? | | | |
| 2. | Саясатка аралашууга курак боюнча жаштарга коюлган чек жаштарда деле ошондойбу? | | | |
| 3. | Сиздердин уюмдагы/партиядагы эң жаш мүчөнүн жашы канчада? | | | |
| 4. | Сиздердин партиянын программасы башкалардыкынан эмнеси менен айырмаланат? | | | Суроо лидер жана шакирти үчүн гана |
| 5. | Сиздердин партиянын түзүмү жөнүндө айтып берсеңиз. | | | Суроо лидер жана шакирти үчүн гана |

| | Суроолор | Лидер | Шакирти Кыскача баяндама | Тууганы Кыскача баяндама |
|---|---|---|---|---|
| 6. | Сиздердин уюмдун ишмердигинде жаштарга арналган атайын программалар барбы? (партиянын ичинде жана тышкы аудитория үчүн) | | | Суроо лидер жана шакирти үчүн гана |
| 7. | Жаштар канаты барбы: Сиздердин партиянын жаштар канатынын лидери ким же партиядагы жаштар арасында формалдуу эмес лидер ким? | | | Суроо лидер жана шакирти үчүн гана |
| 8. | Сиздердин партиянын жыйындары кандай формада өткөрүлөт? | | | Суроо лидер жана шакирти үчүн гана |
| 9. | Сиздердин партиянын ишмердигиндеги чечимдер кандай формада кабыл алынат? | | | Суроо лидер жана шакирти үчүн гана |
| 10. | Партиялык чечимдерди кабыл алууда жаштар да катышабы же бул улуу курактагы мүчөлөрдүн гана артыкчылыктуу укугубу? | | | Суроо лидер жана шакирти үчүн гана |
| 11 | Эгер катышса: Жаштардын же жаш адамдын чечимди кабыл алууда өтө салмактуу болуп таасир берген пикири жөнүндө акыркы окуяны эстесеңиз. Ал жөнүндө кененирээк айтып берсеңиз? Ал кандайча болгон жана кандай маселе боюнча чечим кабыл алып жатканда болду эле? | | | Суроо лидер жана шакирти үчүн гана |
| 12. | Айтсаңыз, сиз кантип бул партиянын лидери болуп | | | |

| | Суроолор | Лидер | Шакирти Кыскача баяндама ___ ___ | Тууганы Кыскача баяндама ___ ___ |
|---|---|---|---|---|
| | калдыңыз жана сиздин саясий карьераңыз качан башталды эле? | | | |
| 13. | Сиз үчүн партиянын мүчөсү болуу эмнени билдирет? (эгер мурдагы суроодо жооп толук алынбаса) | | | Суроо лидер жана шакирти үчүн гана |
| 14. | Партияга мүчө болуу сизге эмне берет? (Респонденттен аныктоо: жеке көз карашы жана формалдуулук планда ) | | | Лидер жана шакирти үчүн гана |
| 15. | Партиянын кайсы бир жаш мүчөсү жакын арада бийликке барат деп элестете аласызбы? (Эгер элестете алса, анда ким, кайсы кызматта жана азыр анын жашы канчада)? | | | Лидер жана шакирти үчүн гана |
| 16. | Кайсы партиялардын программалары сизге жакын? | | | |
| 17. | Сиздин жакындарыңыз менен туугандарыңыз сиздин /анын саясий активдүү жашооңузга/жашоосуна кандай мамиле жасашат? | | | |
| 18. | Сиздин/анын саясий партиянын ишине катышыңыз/катышышы жашоонун башка тармактарына ( жеке турмуш, үй-бүлөлүк жашоо, карьера, социалдык байланыштар) кандай таасир берет? | | | |
| 19. | Жаштардын саясатка аралашышы маанилүү деп эсептейсизби? Эмне үчүн? | | | |

| | Суроолор | Лидер | Шакирти Кыскача баяндама ____________ ____________ | Тууганы Кыскача баяндама ____________ ____________ |
|---|---|---|---|---|
| 20. | Сиз/ал саясий жактан активдүү жаран катары эмне жасадыңыз/жасады? | | | |
| 21. | Сиздин туугандарыңыз сиздин саясий ишмердигиңизге кандай мамиле жасашат? Сиз тууганыңыздын саясий ишмердигине кандай карайсыз? | | | |
| 22. | Сиз саясий жактан активдүү жаран болуп туруп башка жаштарга таасир көрсөтө алам деп эсептейсизби? Сиздин тууганыңыздын саясий жактан активдүүлүгү башка жаштарга таасир көрсөтө алат деп эсептейсизби? | | | |
| 23. | Саясий уюмдун лидерлиги Сизде кандай сезимдерди пайда кылат? Тууганыңыздын саясий уюмдун лидерлиги Сизде кандай сезимдерди пайда кылат? | 1. Сыймыктануу<br>2. Кубануу<br>3. Кооптонуу<br>4. Ал үчүн коркуу<br>5. Сыйлоо<br>6. Башкалар __________ | 1. Сыймыктануу<br>2. Кубануу<br>3. Кооптонуу<br>4. Ал үчүн коркуу<br>5. Сыйлоо<br>6. Башкалар __________ | 1. Сыймыктануу<br>2. Кубануу<br>3. Кооптонуу<br>4. Ал үчүн коркуу<br>5. Сыйлоо<br>6. Башкалар __________ |
| 24. | Сиз өзүңүздү жакын аралыкта бийликке барам деп элестете аласызбы? Сиз жакын аралыкта тууганыңызды/шакиртиңизди бийликке барат деп элестете аласызбы? | 1. Ооба, ага ишенем<br>2. Жок, ишенбейм<br>3. Ооба, бирок жакында эмес<br>4. Билбейм<br>5. Башкалар ___________ ___________ | 1. Ооба, ага ишенем<br>2. Жок, ишенбейм<br>3. Ооба, бирок жакында эмес<br>4. Билбейм<br>5. Башкалар ___________ ___________ | 1. Ооба, ага ишенем<br>2. Жок, ишенбейм<br>3. Ооба, бирок жакында эмес<br>4. Билбейм<br>5. Башкалар ___________ ___________ |

*2-тиркеме*

## Эксперттер менен интервью жүргүзүү үчүн сурамжылоо барагы

Күнү, орду, интервьюнун өткөрүү убактысы ________________________________________

Респонденттин аты-жөнү ______________________________________________________

Шифр (эгер респондент жашыруун калууну кааласа) _______________________________

Ал төмөнкү сандардан куралат: күн + респонденттин жынысы (1-аялдар үчүн, 2-эркектер үчүн) + респонденттин жашы.

Жашы________________________________Жынысы__________________________________

Аффилиация _______________________________________________________________

Байланыш үчүн координаттар__________________________________________________

Кошумча маалыматтар үчүн:

_________________________________________________________________________________
_________________________________________________________________________________
_________________________________________________________________________________
_________________________________________________________________________________
_________________________________________________________________________________
_________________________________________________________________________________

1. Жаштарга курак боюнча коюлган чекке кандай карайсыз?
2. Саясатка аралашууга коюлган чек жаштарда да ошондойбу?
3. Сиз азыркы бийликте жаштардын катышы канчалык деп эсептейсиз (мисал келтирүүнү өтүнүңүз: конкреттүү адамдардын атын атоо)?
4. Өлкөнүн саясий турмушуна жаштардын активдүү катышуусуна бөгөт болгон кандай тоскоолдуктар бар?
5. Саясий партиялар менен жаштардын ортосундагы мамилеге кандай мүнөздөмө бере аласыз?
6. Жаштардын саясатка аралашуусуна партия көпүрө боло алабы? Же жаштар партиялар үчүн курал гана болуп, алардын ишмердиги партиянын иш алкагынан ашып кете албайбы?
7. Жаштардын мамлекетти башкарууга катышуусунан алып караганда кадр саясатына кандай баа бересиз?
8. Жаштардын партиялардын ишине катышы алардын жашоосунун кайсы бир тармактарына (жеке турмуш, үй-бүлөлүк жашоо, карьера, социалдык байланыштар) таасир берет деп эсептейсизби?
9. Жаштардын мамлекеттик кызматта иштеши алардын жашоосунун кайсы бир тармактарына (жеке турмуш, үй-бүлөлүк жашоо, карьера, социалдык байланыштар) таасир берет деп эсептейсизби?
10. Жаштардын формалдуу эмес саясий уюмдарга аралашуусу алардын жашоосунун кайсы бир тармактарына (жеке турмуш, үй-бүлөлүк жашоо, карьера, социалдык байланыштар) таасир берет деп эсептейсизби?

*3-тиркеме*

## Саясий партиялардын лидерлери менен интервью жүргүзүү үчүн сурамжылоо барагы

Күнү, орду, интервьюнун өткөрүү убактысы ________________________________

Респонденттин аты-жөнү ________________________________

Шифр (эгер респондент жашыруун калууну каалаunion) ________________________________

Ал төмөнкү сандардан куралат: күн + респонденттин жынысы (1-аялдар үчүн, 2-эркектер үчүн) + респонденттин жашы.

Жашы ________________ Жынысы ________________

Аффилиация ________________________________

Байланыш үчүн координаттар ________________________________

Кошумча маалыматтар үчүн:

________________________________

________________________________

________________________________

________________________________

________________________________

________________________________

________________________________

1. Курак боюнча жаштар үчүн коюлган чекке кандай карайсыз?
2. Саясатка аралашууга курак боюнча жаштарга коюлган чек жаштарда деле ошондойбу?
3. Сиздердин партиянын эң жаш мүчөсүнүн жашы канчада?
4. Сиздердин партиянын түзүмү жөнүндө айтып бериңизчи (бул жерде жаштар канаты бар экендигин билүү жана ал иш жүзүндө иштей тургандыгын тактоо маанилүү).
5. Сиздердин партияда жаштар үчүн өзүнчө программалар барбы? (партиянын ичинде жана тышкы аудитория менен иштөөдө)
6. Эгер жаштар канаты бар болсо, сиздердин партиянын жаштар канатынын лидери ким же партиядагы жаштар арасында формалдуу эмес лидер ким?
7. Сиздердин партиянын жыйындары кандай формада өткөрүлөт?
8. Сиздердин партиянын ишмердигиндеги чечимдер кандай формада кабыл алынат?
9. Партиялык чечимдерди кабыл алууда жаштар да катышабы же бул улуу курактагы мүчөлөрдүн гана артыкчылыктуу укугубу?
10. Эгер катышса, жаштардын же жаш адамдын чечимди кабыл алууда өтө салмактуу болуп таасир берген пикири жөнүндө акыркы окуяны эстесеңиз. Ал жөнүндө кененирээк айтып берсеңиз? Ал кандайча болгон жана кандай маселе боюнча чечим кабыл алып жатканда болду эле?
11. Айтсаңыз, сиз кантип бул партиянын лидери болуп калдыңыз жана сиздин саясий карьераңыз качан башталды эле (бул жерде респонденттин саясий карьерасы жана канча жашында баштаганын билүү маанилүү)?
12. Сиз үчүн партиянын мүчөсү болуу эмнени билдирет (эгер мурдагы суроодо жооп толук алынбаса)?

13. Партияга мүчө болуу сизге эмне берет (респонденттен аныктоо: жеке көз карашы жана формалдуулук планда)?
14. Партиянын кайсы бир жаш мүчөсү жакын арада бийликке барат деп элестете аласызбы (эгер элестете алса, анда ким, кайсы кызматта жана азыр анын жашы канчада)?
15. Сиздердин саясий партиянын артыкчылык берилген 3 багытын атап берүүңүздү өтүнөм.
16. Сиздин жаш курактагы жакындарыңыз менен туугандарыңыз сиздин саясий активдүү жашооңузга кандай мамиле жасашат?
17. Жаш адамдардын саясий турмушка аралашуусу алардын жашоосунун башка тармактарына (жеке турмуш, үй-бүлөлүк жашоо, карьера, социалдык байланыштар) таасир береби?

*4-тиркеме*

**Саясий партиялардын жаш мүчөлөрү менен интервью жүргүзүү үчүн сурамжылоо барагы**

Күнү, орду, интервьюнун өткөрүү убактысы ______________________________
Респонденттин аты-жөнү ______________________________
Шифр (эгер респондент жашыруун калууну кааласа) ______________________________
Ал төмөнкү сандардан куралат: күн + респонденттин жынысы (1-аялдар үчүн, 2-эркектер үчүн) + респонденттин жашы.
Жашы ______________________________ Жынысы ______________________________
Аффилиация ______________________________
Байланыш үчүн координаттар ______________________________

Кошумча маалыматтар үчүн:
______________________________
______________________________
______________________________
______________________________
______________________________
______________________________
______________________________

1. Жаш курак боюнча жаштарга коюлган чекке кандай карайсыз?
2. Саясий иштерге аралашуу үчүн жаштардын жаш курак боюнча чеги да ошондой элеби?
3. Сиздердин партиянын эң жаш мүчөсүнүн жашы канчада?
4. Сиздердин партиянын келечектүү деп эсептелген 3 багытын атап бериңизчи?
5. Сиздердин партиянын түзүмү жөнүндө айтып бериңизчи (бул жерде жаштар канаты бар экендигин жана иш жүзүндө иштей тургандыгын тактоо маанилүү).
6. Сиздердин партиянын жаштарга арналган атайын программалары барбы (партиянын ичинде жана тышкы аудитория үчүн)?
7. Сиздердин уюмда ким кадыр-барктуу адам деп эсептелет? Эмне үчүн?
8. Сиздердин партияда жыйындар кандай формада өтөт?
9. Сиздердин партияда чечимдер кандай формада кабыл алынат?
10. Чечимдерди кабыл алууга сиз катышасызбы же ал улуу курактагы мүчөлөргө берилген артыкчылыкпы?
11. Эгер катышса: Чечимди кабыл алууга өзүңүз катышкан акыркы окуяны эстесеңиз. Кененирээк айтып берсеңиз? Ал кандай болду эле жана кандай чечимди кабыл алып жатканда болду эле?
12. Сиз кантип бул уюмдун мүчөсү болуп калгандыгыңыз жөнүндө айтып берүүңүздү өтүнөм (эгер жооп толук берилбесе багыт берүүчү кошумча суроолорду бериңиз: Сизди ким чакырды эле? Эмне деп айтышты эле? Эмне үчүн ушул уюмга мүчө болуу чечимин кабыл алдыңыз?)?

13. Сиз бул партияга кандай максат менен кирдиңиз (эгер жооп мурдагы суроодо толук алынбаса)?
14. Сиздин үмүттөрүңүз акталдыбы?
15. Бул партияга мүчө болуу сизге эмне берет (респонденттен аныктоо: жеке көз карашы жана формалдуу планда)?
16. Келечекте сиз өзүңүздү бийликте болом деп элестете аласызбы (эгер элестете алса, анда кайсы кызматта жана канча жашында)?
17. Эгер бул партияга мүчө эмес болсоңуз башка кайсы партияга кирмексиз?
18. Туугандарыңыз менен жакындарыңыз сиздин саясий активдүү турмушуңузга кандай мамиле жасашат?
19. Саясий партиянын ишине катышышыңыз сиздин жашооңуздун башка тармактарына (жеке турмуш, үй-бүлөлүк жашоо, карьера, социалдык байланыштар) кандайдыр бир таасир береби?

*5-тиркеме*

**Бейформал саясий уюмдардын мүчөлөрү менен интервью жүргүзүү үчүн сурамжылоо барагы**

Күнү, орду, интервьюнун өткөрүү убактысы ________________________________

Респонденттин аты-жөнү ________________________________________

Шифр (эгер респондент жашыруун калууну кааласа) ______________________

Ал төмөнкү сандардан куралат: күн + респонденттин жынысы (1-аялдар үчүн, 2-эркектер үчүн) + респонденттин жашы.

Жашы ______________________ Жынысы ______________________

Аффилиация ________________________________________________

Байланыш үчүн координаттар _____________________________________

Кошумча маалыматтар үчүн:

________________________________________________________________
________________________________________________________________
________________________________________________________________
________________________________________________________________
________________________________________________________________
________________________________________________________________
________________________________________________________________

1. Жаштарга жаш курак боюнча коюлган чекке кандай карайсыз?
2. Саясатка аралашуу үчүн курак боюнча жаштарга коюлган чек жаштарда деле ошондойбу?
3. Сиздердин уюмдун эң жаш мүчөсүнүн жашы канчада?
4. Сиздердин уюмдун келечектүү деп эсептелген 3 багытын атап бериңизчи (кошумча суроо: ал документ жүзүндө кабыл алынганбы, мисалы, программа, концепция ж.б.у.с).
5. Сиздердин уюмдун түзүмү жөнүндө айтып берсеңиз.
6. Сиздердин уюм жаштар менен кандай иштерди жүргүзөт? (уюм ичинде жана тышкы аудитория үчүн)
7. Сиздердин уюмдун жыйындары кандай формада өткөрүлөт?
8. Чечимдер кантип кабыл алынат?
9. Чечимдерди кабыл алууга катышасызбы же бул улуу курактагы мүчөлөргө берилген артыкчылыктуу укукпу?
10. Эгер катышса: Чечим кабыл алууга өзүңүз катышкан акыркы окуяны эске салсаңыз. Ал жөнүндө кененирээк айтып берсеңиз? Ал кандайча болгон жана кандай маселе боюнча чечим кабыл алынып жатканда болду эле?
11. Сиз кантип бул уюмдун мүчөсү болуп калгандыгыңыз жөнүндө айтып берүүңүздү өтүнөм? (Эгер жооп толук берилбесе багыт берүүчү кошумча суроолорду бериңиз: Сизди ким чакырды эле? Эмне деп айтышты эле? Эмне үчүн ушул уюмга мүчө болуу чечимин кабыл алдыңыз?)

12. Сиз бул уюмга кандай максат менен кирдиңиз эле (эгер жооп мурдагы суроодо толук алынбаса)?
13. Сиздин үмүттөрүңүз жана пландарыңыз акталдыбы?
14. Бул уюмга мүчө болуу сизге эмне берет (респонденттен аныктоо: жеке көз карашы жана формалдуу планда)?
15. Келечекте сиз өзүңүздү бийликте болом деп элестете аласызбы? (эгер элестете алса, анда кайсы кызматта жана канча жашында)?
16. Сизге кайсы партиянын программасы жагат? (бул жерде башка саясий партиялардын жана саясий уюмдардын ишмердиги тууралуу маалыматы бар экендигин билүү маанилүү)?
17. Туугандарыңыз менен жакындарыңыз сиздин саясий активдүү жашооңузга кандай мамиле кылышат?
18. Саясий уюмдун ишине катышканыңыз сиздин жашооңуздун башка тармактарына (жеке турмуш, үй-бүлөлүк жашоо, карьера, социалдык байланыштар) кандайдыр бир таасир береби?

*6-тиркеме*

**Мамлекеттик бийлик органдарынын жетекчилери менен интервью жүргүзүү үчүн сурамжылоо барагы**

Күнү, орду, интервьюнун өткөрүү убактысы ______________________________

Респонденттин аты-жөнү ______________________________

Шифр (эгер респондент жашыруун калууну каалаcа) ______________________________

Ал төмөнкү сандардан куралат: күн + респонденттин жынысы (1-аялдар үчүн, 2-эркектер үчүн) + респонденттин жашы.

Жашы ______________________ Жынысы ______________________

Аффилиация ______________________________

Байланыш үчүн координаттар ______________________________

Кошумча маалыматтар үчүн:

______________________________
______________________________
______________________________
______________________________
______________________________
______________________________

1. Курак боюнча жаштар үчүн коюлган чекке кандай карайсыз?
2. Жаштардын саясатка аралашуусу үчүн курак боюнча жаштарга коюлган чек да ошондой элеби?
3. Сиздердин мекеменин эң жаш кызматкеринин жашы канчада?
4. Сиздердин мекеменин ишмердигинде жаштар менен байланышкан кандай учурлар бар?
5. Сиздин мекеменин түзүмү жана анда жаш адистердин катышы жөнүндө айтып бериңизчи (бул жерде мекемеде иштеген жаштардын санын жана алардын башкаруучу кызмат ордун ээлегендигин билүү маанилүү).
6. Сиздин мекеме жаштар менен кандай иштер жүргүзүлөт (кызматкерлер арасында жана өлкө масштабында)?
7. Сиздердин мекемеде иштеген жаштардын саны кандай (бул жерде жаштардын ушул мекемеге жана бардык эле мамалекеттик түзүмдөргө иштөөгө барышынын же барбагандыгынын себебин билүү маанилүү)?
8. Сиздердин мекемедеги жыйындар кандай формада өтөт?
9. Сиздердин мекемеде чечимдер кандай формада кабыл алынат?
10. Чечимдерди кабыл алууда жаштар катышабы же бул улуу курактагы кызматкерлерге берилген артыкчылыктуу укукпу?
11. Эгер катышса, жаштардын же жаш кызматкердин чечимди кабыл алууда таасир берген салмактуу пикири жөнүндө акыркы окуяны эстесеңиз. Ал жөнүндө кененирээк айтып берсеңиз? Ал кандайча болгон жана кандай маселе боюнча чечим кабыл алынып жатканда болду эле?

12. Айтсаңыз, сиз бул кызматка качан дайындалдыңыз эле жана сиздин саясий карьераңыз качан башталды эле?
13. Жаш кызматкерлерге ушул мамлекеттик кызматта иштөө эмне берет (респонденттен аныктоо: жеке көз карашы жана формалдуулук планда)?
14. Мекеменин кайсы бир жаш кызматкери жакын арада жетекчи кызматка дайындалат деп элестете аласызбы (эгер элестете алса, анда ким, кайсы кызматка жана азыр анын жашы канчада)?
15. Жаш адамдардын мамлекеттик мекемелерде иштеши алардын жашоосунун башка тармактарына (жеке турмуш, үй-бүлөлүк жашоо, карьера, социалдык байланыштар) таасир берет деп эсептейсизби?

*7-тиркеме*

**Мамлекеттик бийлик органдарынын жаш кызматкерлери менен интервью жүргүзүү үчүн сурамжылоо барагы**

Күнү, орду, интервьюнун өткөрүү убактысы ________________________________

Респонденттин аты-жөнү ________________________________________

Шифр (эгер респондент жашыруун калууну кааласа) ______________________

Ал төмөнкү сандардан куралат: күн + респонденттин жынысы (1-аялдар үчүн, 2-эркектер үчүн) + респонденттин жашы.

Жашы _______________________ Жынысы _______________________

Аффилиация _____________________________________________

Байланыш үчүн координаттар __________________________________

Кошумча маалыматтар үчүн:

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

________________________________________________________________

1. Жаш курак боюнча жаштарга коюлган чекке кандай карайсыз?
2. Саясатка аралашуу үчүн жаштардын жаш курак боюнча чеги да ошондой элеби?
3. Сиздердин уюмдагы эң жаш кызматкердин жашы канчада?
4. Сиздердин мекеменин ишмердигинде жаштар менен байланышкан кандай учурлар бар?
5. Сиздердин уюмдун түзүмү жана анда жаш адистердин катышы жөнүндө айтып бересиңиз (бул жерде аталган уюмда жаштардын саны канча экендигин жана алардын жетекчи кызматтарда иштей же иштебей тургандыгын билүү маанилүү).
6. Сиздердин уюмдун ишмердигинде жаштарга арналган атайын программалар барбы (кызматкерлер үчүн жана өлкө масштабында)?
7. Сиздердин уюмдагы улуу курактагы кызматкерлердин ичинен сиз үчүн ким үлгү боло алат?
8. Сиздердин уюмдагы жыйындар кандай формада өткөрүлөт?
9. Сиздердин уюмдун ишмердигиндеги чечимдер кандай кабыл алынат?
10. Чечимдерди кабыл алууга сиз катышасызбы же бул улуу курактагы кызматкерлерге берилген артыкчылыктуу укукпу?
11. Эгер катышса: Чечимди кабыл алууда өзүңүз катышкан акыркы окуяны эске салсаңыз. Ал жөнүндө кененирээк айтып берсеңиз? Ал кандайча болгон жана кандай маселе боюнча чечим кабыл алынып жатканда болду эле?
12. Айтсаңыз, сиз бул уюмга кантип кабыл алындыңыз эле? (Эгер жооп толук берилбесе, анда багыт берүүчү кошумча суроолорду бериңиз: Конкурс болду беле? Же формалдуу эмес башка жактардан маалымат алдыңыз беле?)
13. Эмне үчүн ушул уюмда иштөө чечимине келдиңиз эле (бул жерде «саясатка аралашуу» деген умтулуу болгондугун билүү маанилүү)?

14. Мамлекеттик кызматта иштөө сизге эмне берет (респондент үчүн аныктоо: жеке көз карашы жана формалдуу планда)?
15. Келечекте сиз өзүңүздү жетекчи кызматта иштейм деп элестете аласызбы (эгер элестете алса, анда кайсы кызматта жана канча жашында)?
16. Мурда саясий партияларга мүчө болгонсузбу? Эгер болсоңуз, кайсы партияларга?
17. Туугандарыңыз менен жакындарыңыз сиздин мамлекеттик кызматта иштешиңизге кандай карашат?
18. Мамлекеттик кызматкер болгондугуңуз сиздин жашооңуздун башка тармактарына (жеке турмуш, үй-бүлөлүк жашоо, карьера, социалдык байланыштар) кандайдыр бир таасир береби?

*8-тиркеме*

## Жагдайлык талдоо

Иликтөөлөрдүн сапаттык жана сандык жагынан дал келишин болжолдойт. Жагдайлык талдоо бардык сандык маалыматтар жыйналгандан кийин жана сапаттык маалыматтардын баары иштелгенден кийин жасалышы керек. Жалпылап айтканда, иликтөө жаштардын белгиленген үч категорияга ( саясий партиялар, формалдуу эмес саясий уюмдар, мамлекеттик түзүмдөр) катышы боюнча так көрүнүштү аныктоого багытталган:

1) Аталган үч категория аркылуу саясий карьераны өнүктүрүүнүн сценарийлери кандай (интервьюда жана кейс-стадиде алынган сапаттык маалыматтарды пайдалануу);

2) Аталган үч уюмдун ар биринин ишмердигине катышуу жаштарга эмне берет (интервьюда жана кейс-стадиде алынган сапаттык маалыматтарды пайдалануу);

3) Жашы, гендердик жана кызматтык ракурстан алганда жаштардын катышы кандай (сандык иликтөө).

| Суроолор | Саясий партиялар | Бейформал саясий уюмдар | Мамлекеттик түзүмдөр |
|---|---|---|---|
| | Иликтенген бардык саясий партияларды атаңыз:<br>1. ____________<br>2. ____________<br>3. ____________ | Иликтенген бардык формалдуу эмес саясий уюмдарды атаңыз:<br>1.______________________<br>2. ______________________<br>3. ______________________ | Иликтенген бардык уюмдарды атаңыз:<br>1.___________________<br>2. ___________________<br>3. ___________________ |
| 1. Гендердик катышы | | | |
| 2. Жаш жагынан катышы | | | |
| 3. Ээлеген кызматы боюнча | | | |
| 4. Катышуучулардын баалуулук боюнча багыты | | | |
| 5. Умтулуусу | | | |
| 6. Саясий иштерге катышуудан алган канааттануусунун деңгээли | | | |

**КЫРГЫЗСТАНДАГЫ ЖАШТАРДЫН САЯСАТКА АРАЛАШУУСУ: ЧЕКТӨӨЛӨР ЖАНА МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨР**

Которгон *Досалиев Б.А.*

Басмага кол коюлган 23.09.2016-ж. Форматы 60×84$^1/_8$
Гарнитура «KyrgyzGaramond». Офсеттүү басылма.
Тиражы 200 экз.

Принтцентр «Блиц» басмаканасында басылды
Бишкек ш., Байтик Баатыр көч, 65

«Лигал просперити» Коомдук фондунун расмий сайты: www.lpf.kg